**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ТАБИЯТ ТААНУУ, ДЕНЕ ТАРБИЯ, ТУРИЗМ ЖАНА АГРАРДЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ИНСТИТУТУ**

**ФАКУЛЬТЕТТЕР АРАЛЫК №2 ДЕНЕ ТАРБИЯ КАФЕДРАСЫНЫН**

# паспорту

Факультеттер аралык №2 денетарбия
кафедрасынын отурумунда
талкууланып бекитилген
протоколу №1 06.09.2025-ж.

**Түзгөн: Б. М. Кулуев**

**2025-2026-окуу жылы**

**Мазмуну**


1. Кафедранын тарыхы……………………………………………………….4
2. №2 дене тарбия кафедрасыны  ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары..5
3. Кафедранын максаттары милдеттери жана илимий багыты.................6
4. Кафедранын профессордук-окутуучулук курамы………………………7
5. №2 денетарбия кафедрасынын стуктурасы…………………………......8
6. Кафедранын башка ЖОЖдорменен байланышы………………………...8
7. Кафедранын окуу-усулдук иштери…………………………….......9
8. Кафедранын перспективдуу иш-планы……………………………………9
9. Кафедранын профсоюздук иш- планы………………………..............10
10. Кафедранынматериалдык-техникалык базасы……………………....10
11. Кафедранын маданий-тарбиялык, профориентациялык жана коомдук иштери..........................................................................................................10
12. Кафедранын дареги……………………………………………….........11

# Факультеттер аралык №2 дене тарбия кафедрасынын кыскача тарыхы

Дене тарбия кафедрасы 1949-жылы Ош областтык мугалимдерди даярдоочу 2 (эки) жылдык институтту ачылган. Ал мезгилде институтта беш факультет болгон, мындан сырткары дене тарбия бөлүмүнүн 2 тайпасы окуган. 1949-53-жылдары Д.В. Фрейдман кафедра башчысы болгон, кафедрада 5 окутуучу, 2 лаборант эмгектенген. 1953-жылы Ош областтык мугалимдердин институтту Ош мамлекеттик институту болуп өзгөртүлгөн. Андан кийин Н.С. Лепесов (1953-1954), С.Э. Риннэ (1955-1959), А.Н. Еропунов (1959-1962), Э.Э. Бреш (1963-1968), Н.С. Лепесов (1968-1972), И.З. Щербаков (1973-1974), А. Юнусов (1975-1982), Х.Х. Артыков (1982-1985), А.Д. Добулов (1985-1986), Т. Королев (1986-1988), В.В. Данилин (1988-1989), Т. Жалалов (1989-1997), К.М. Маматов (1997-1998), Т.О. Оморов (1999-2002) жетектешкен. 2002-2003-окуу жылдары дене тарбия кафедрасы 2 кафедрага бөлүнүп, ага окутуучу Р. Карабаев жана ф.и.к., доцент Х.Х. Артыков кафедраларды жетектешкен. Андан кийин ага окутуучу М. Жусубалиев (2003-2005), доцент А. Салибаев (2005-2008), доцент Т. Жалалов (2008-2011), ага окутуучу Э. Турдуев (2011-2012), доцент А. Назиров (2012-2017), ага окутуучу К. Нурматов (2017-2019) жетектеп келишкен. ОшМУнун Окумуштуулар кеңешмесинин чечими менен (2019-жыл, 9-июль кезексиз), **№576 буйрук (09.07.2019)** негизинде факультеттер аралык дене тарбия кафедрасы эки кафедрага бөлүнгөн. ОшМУнун табият таануу жана география факультетинин факультеттер аралык №2 дене тарбия кафедрасы ачылган. Аталган кафедраны алгач ага окутуучу А.Э. Саттаров жетектеген. 2020-жылдан тарта кафедраны доцент Б. М. Кулуев жетектеп келүүдө. Бүгүнкү күндө кафедрада 16 окутуучу 1 окуу мастери, 1 лаборант эмгектенет. Алардын ичинен 3 КРнын спорт чебери, 6 КРнын дене тарбия жаш спорт отличниги, 1 улуттук даражадагы калыс 4 доцент 4 ага окутуучу 7 окутуучу эмгектенет.

**Факультеттер аралык №2 денетарбия кафедрасынын ишмердигин негизги багыттары**

**Кафедранын ишмердүүлүгүнүн мазмуну жана милдеттери:**

**Биринчи стратегиялык багыт:***«Билимберүүишмердигинмодернизациялоо»*- билим берүү процессиндеги илимий-педагогикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынин теграциялоо:

- Адистикке негизги билим берүү программаларынын мазмунуна сунуштарды берип туруу;
- Бакалавр багыты боюнча модулдук программаларын жана окуу усулдук комплекстерин толуктоо, жаңылап туруу;
- Бакалавр негизги билим берүү программаларын алкагында балоо каражаттарынын фондун,тапшырмалар жана талаптардын банкын иштеп чыгуу жана жаңылап туруу;

**Экинчи стратегиялык багыт:** *«инновациялык ишмердүүлүктү жана илимий изилдөө иштерин модерзациялоо»* кафедранын окутуучуларынын илимий-изилдөө иштеринактивдештирүү:

- Кафедранын окутуучуларынын перспективдүү илимий-изилдөө программаларынын иштеп чыгуу жана жайылтуу;
- РИНЦке,Скопуска катталган журналдарга окутуу процессинин жана илимий-изилдөө иштердин жыйынтыгын жарыялап туруу;

**Үчүнчү стратегиялык багыты:***«социалдык өнөктөштүктү жайылтуу»* билим берүү жана илимий мекемелер менен кызматташтыкты өнүктүрүү:

- Ички өнөктөштүк, ОшМунун факультеттердеги методика кафедралары менен ишкер карым-катнашын уюштуруу;
- Сырткы өнөктөштүк, КРнын жана коңшу мамлекеттердин билим берүү мекемелери менен тыгыз байланышты колго алуу;
- КРнынЖОЖдорунунденетарбиякафедраларымененалакадаболуу.

**Төртүнчү стратегиялык багыты:**«*кафедранын кадрдык потенциалынжогорулатуу»*кафедранын кызматкерлеринин кесиптик жана инсандык жактан өсүүсүүчүн шарттарды түзүүгө жетишүү:

- Перспективдуу жаштардын онугусуу учун шарттарды тузуп беруу;
- Жаш окутуучтарды комплекстуу илимий-изилдоо иштерине тартуу жана программаларга ылайык жыйынтыктарын жайылтып туруу;

- Жаш окутуучулардын чыгармачылык активдуулугун онуктуруунун жаны форматын иштеп чыгуу;
- Кафедранынокуутучуларынынжекечекарьераларынпландоо.

**Кафедранын максаты**

Студенттердин дене көнүгүүлөрү жана спорттук даярдыгын жогорулатуу, алардын руханий-адептик жана психологиялык абалын бекемдөө, дене тарбия сабактарынын методдорун жана мазмунун өркүндөтүү, жаштардын дене тарбия жана спортко болгон кызыгуусун арттыруу аркылуу алардын комплекстүү физикалык өнүгүүсүн камсыз кылуу.

**Кафедранын милдеттери:**

• Студенттердин тандап алган спорттун түрлөрүнөн ийгиликтерге жетишүүсү үчүн методикалык жана практикалык көрсөтмөлөрдү берүү.

• Билим берүү мекемелеринде, дене тарбияны чыңдоо боюнча долбоорлордо, аскердик кызмат өтөөчү мекемелерде жана спорттук иш-чараларда дене тарбия жана спортту өнүктүрүүгө салым кошуу.

• Спорттук жана дене тарбиялык иш-чараларды уюштуруу менен студенттердин жалпы маданиятын жана коомдук активдүүлүгүн жогорулатуу.

• Жаштар арасында патриоттук жана гуманисттик идеяларды тарбиялоо, командалык рухту өнүктүрүү.

**Илимий темасы: “Инсандын дене тарбиясын жана сергек жашоо образын калыптандыруу».**

“Инсандын дене тарбиясын жана сергек жашоо образын калыптандыруу” темасынын алкагында төмөнкү багыттар боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү:

• Ден соолукту чыңдоого багытталган физикалык көнүгүүлөрдүн эффективдүүлүгүн изилдөө.

• Сергек жашоо образынын өзгөчөлүктөрүн жана аны калыптандырууда дене тарбиянын ролун аныктоо.


• Ар түрдүү жаш курактагы студенттердин физикалык абалын баалоо жана өнүктүрүү ыкмаларын иштеп чыгуу.

• Ден соолукту чыңдоо программаларын иштеп чыгуу жана аларды практикада колдонуу.


**КАФЕДРАНЫН ПРОФЕССОРДУК – ОКУТУУЧУЛУК КУРАМЫ**

| № | Фамилиясы ата жөнү | Бүтүргөн окуу жайы | Жалпы эмгек стажы | Ээлеген кызмат орду |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кулуев Бакытбек Мамасаитович | КГИФК | 31 | Каф башчы: Доцент |
| 2 | Дүйшеев Адыл | КГИФК | 51 | Доцент |
| 3 | Назиров Абдимажит | КГИФК | 43 | Доцент |
| 4 | Сариева Мавлюда Акимовна | КГИФК | 38 | Доцент |
| 5 | Бакиров Сайдали Абдыразакович | КГИФК | 37 | Улук окутуучу |
| 6 | Мадымаров Маматашим Манапович | КГИФК | 30 | Улук окутуучу |
| 7 | Тойчиев Шүкүрали Айтбаевич | ОГПИ | 24 | Улук окутуучу |
| 8 | Шералиев Койлубай Каленович | КГИФК | 30 | Улук окутуучу |
| 9 | Зарылбек уулу Нурсултан | ОшМУ | 8 | Улук окутуучу |
| 10 | Тайирбек уулу Эрлан | ОшМУ | 9ж 10 ай | Улук окутуучу |
| 11 | Айткулов Жолдубай Алымович | ОГПИ | 6 | Окутуучу |
| 12 | Жомарт уулу Жайнакбек | ОшМУ | 7 | Окутуучу |
| 13 | Канат уулу Өмүрбек | ОшМУ | 6 | Окутуучу |
| 14 | Иса уулу Элдияр | ОшМУ | 6 | Окутуучу |
| 15 | Тыныбеков Тажыбек Тыныбекович | ОшМУ | 8 | Окутуучу |
| 16 | Токтобаев Азамат Бегматович | ОшКУУ | 8ж 2ай | Окутуучу |
| **Көмөкчү персоналдар** | | | | |
| 29 | Сулайманов Айбек | ОшМУ | 0 | Окутуу мастери |
| 30 | Сүйөрова Гулбаар | ОшМУ | 2 | Лаборант |

**№2 дене тарбия кафедрасынын стуктурасы**




**факультеттер аралык№2 дене тарбия кафедрасынын башка ЖОЖдор менен байланышы**



## КАФЕДРАНЫН ОКУУ-УСУЛДУК ИШТЕРИ

Кафедранын мүчөлөрүнөн илимий изилдөө жана усулдук иштеринин жыйынтыктары, кафедранын мүчөлөрүнүн ачык сабактарга жана сабактарга өз ара катышууларын уюштуруу, алардын жыйынтыгын кафедранын илимий-усулдук семинарларда талкулоо максаттары коюлууда.

Студенттер менен өз алдынча иштерин уюштуруу жана кабыл алуу кафедрада бир топ жылдан бери практикаланып келайткан модулдук – рейтинг системага ылайык ар түрдүү формада жүргүзүлдүүдө.

Кафедрада дене тарбия сабактары боюнча – өтүлүүчү базалык спорттук түрлөр жана улуттук оюндар боюнча тесттик нормативдер кабыл алынып ар семестр аягында жыйынтыкталып, тиешелүү материалдар кафедрада сактоо маселелери каралууда.

## КАФЕДРАНЫН ПЕРСПЕКТИВАЛЫК ИШ-ПЛАНЫ

- Кафедрага тиешелүү болгон спорттук аянттарды, спорттук залдарды ремонттон өткөрүп, керек болгон спорттук шаймандар менен сабактарды толук кандуу камсыздоо;
- Келечекте курулуучу кошумча спорт аянттарын жана спорт залдарын курулушуна катышуу;
- Окуу усулдук комплекстерин кайрадан жаңы иштелип чыккан талаптарга жана ар бир багыттын компетенцияларына ылайыктуу иштеп чыгуу;
- Окутуучулардын билим деңгээлин, адистикке ылайыктуу өркүндөтүү боюнча ар түрдүү семинарларга катышуу жана иш чараларын уюштуруу;
- Студенттердин сабакка болгон кызыгуусун арттыруу жана ден соолугу начар болгон студенттер үчүн “Ден соолукту чыңдоо” боюнча тайпаларын түзүүгө ошондой эле спорттук кабинеттерди ачууга шарт жаратуу;
- Спорттук секциялардын ишмердүүлүгүн күчөтүү.

## КАФЕДРАНЫН КЕСИПТИК КОНУШТУК ИШТЕРИ

Кафедранын кесиптик конушунун уюмунда 30 мүчө бар.Кесиптик конушунун уюмунун иш планы жылына бекитилип анда эмгек тартибин сактоо, эмгек шартын түзүү, окутуучулардын эс алуусун уюштуруу, белгилүү майрамдарды шаан шөкөт менен маданий өткөрүү, материалдык жардамга муктаж болгондорго жардам көрсөтүү, окутуучулардын сабактарына катышуу иштери жана башкалар каралган.

Профсоюз мүчөлөрү мүмкүнчүлүктөрүнө жараша пансионат, санаторий жана профилакторийлерде ден-соолугун чыңдоо боюнча материалдык жардам да алып турушат.

**КАФЕДРАНЫН МАДАНИЙ-ТАРБИЯЛЫК, ПРОФОРИЕНТАЦИЯЛЫК ЖАНА КООМДУК ИШТЕРИ**

Кафедрадагы маданий тарбиялык жана коомдук иштер пландалган жана учурдагы иш чаралардын негизинде кафедранын ар бир мүчөсү жана атайын дайындалган жоопту окутуучу тарабынан жүргүзүлөт.

Кафедранын окутуучулары факультеттик, университеттик жана шаардык деңгээлдеги түрдүү маданий-тарбиялык жана коомдук иш чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө активдүү катышат.

Кафедранын окутуучулары Ош, Баткен жана  Жалал-Абад областтарында профориентациялык иштерин жүргүзүшөт.

Кафедранын окутуучу-машыктыруучулары факкультеттик, шаардык, областтык, республикалык жана эл аралык мелдештерге курама командалары менен катышышууда.

1. КРнын дене тарбия жана спорт кызмамткерлеринин күнүнө карата.
2. Мугалимдер күнүнө.
3. Жаңы жыл майрамына карата.
4. Ата-мекенди коргоо күнүнө карата.
5. 8-март Эл аралык аялдлар күнүнө карата.
6. Нооруз  майрамына карата.
7. Машыктыруучулар күнүнө карата.
8. Шаар күнүнө карата.

**КАФЕДРАНЫН МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗАСЫ**

Кафедранын фондунда 1 чоң спорт зал 450кв$^{м}$ . Бир теннис ойноочу залы. Чечинип кийинүүчү кааналар 3 кафедра окутуучулары үчүн кабинеттер, 1 жабык түрүндөгү ордо ойноочу спорт площадка. Сырткы резина төшөлгөн волейбол, баскетбол аянтчалары. Бир чоң футболдук табигый чоң өстүрүлгөн (газон) спорттук аянт.

Алды резина менен төшөлгөн сырткы брусья перекладина шведская стена ж.б кирет.

**КАФЕДРАНЫН  ДАРЕГИ:**

Ош  шаары Насирдин Исанова 79А/2 ОшМУнун Биология факультетинин имараты факультеттер аралык №2 дене тарбия кафедрасы. №1 кабинет